УДК 351.82

М.Б. Тажиева – ОшТУнун ТКнин “КИжМБ” кафедрасынын окутуучусу,
Н.А. Эркинбаева - ОшТУнун “БТжТС” кафедрасынын ага окутуучусу

ЭКОНОМИКАДАГЫ ЖАНА БАШКАРУУДАГЫ МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН ОРДУ

Маалымат технологияларын пайдалануу менен экономиканын өнүгүүсүн жөнгө салууга болот эпеспи. Төмөндөгү макалада маалымат технологияларынын башкаруу системасындагы жана экономикадагы орду жөнүндө сөз болот. Башкаруу системасы шаардын сайтынын мисалында каралса, экономика маселеси казналыктын сайтын кароо менен байланышкан.

Негизги сөздөр: маалымат технологиялары, экономика, башкаруу, интернет, маалыматтар базасы

М.Б. Тажиева - преподаватель кафедры “ПИиУИ” ОшТУ ТК,
Н.А. Эркинбаева - ст. преподаватель кафедры “ССиСТ”ОшТУ

МЕСТО ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ЭКОНОМИКЕ И УРАВЛЕНИИ

Информационные технологии управляют развитием экономики. В следующей статье рассматривается роль информационных технологий в управлении и экономике. Примером управленческой системы выбран сайт города, а для экономики сайт казначейства.

Ключевые слова: информационные технологии, экономика, управление, интернет, информационные базы.

M.B. Tajieva - Senior lecturer of the chair «AI and MI» TC, OshTU
N.A. Erkinbaeva - Senior lecturer of the chair «CN and SS» OshTU

THE ROLE OF INFORMATION TECHNOLOGIES IN ECONOMICS AND MANAGEMENT

Information technologies control the development of the economy. In this article examines the role of information technology in governance and economics. An example of a management system is the site of the city, and for the economy the site of the treasury.

Key words: information technologies, economics, management, internet, Information bases

Актуалдуугу. Маалымат технологиялары күн санап өсүп-өнүгүп, бийик тепкичтерге көтөрүлүп барат. Аны менен катар адамзат коому да техниканын, илимдин жаңы багыттарын үйрөнүүгө, аны практикада колдонууга аракет кылып келүүдө.

Азыркы күндө маалымат технологияларын шаардын экономикасын башкарууда пайдалануу өтө актуалдуу маселе. Анткени маалыматтардын ачык айкын болуусу шаардыктар менен иштешүүгө жана шаарды өнүктүрүүгө жол ачат. Практика көрсөткөндөй масштабдуу маалымат системаларын түзүү, аны кандай максатта пайдалануудан көз каранды. Бир гана комплекстүү, системалык мамиле гана глобалдык маалыматташтыруунун көптөгөн жеке маселеленин чечүүдө жардам берет. Маалыматташтыруунун глобалдык максаттары болуп, шаарды башкарууда бир бүтүн социалдык экономикалык система катары, эффективдүү чечимдерди кабыл алуу үчүн атайын шарт түзүп берүү болуп саналат. Биз карап чыккан усул боюнча жогорудагы максаттар башкаруунун жалпы моделин колдонуу менен ишке ашат. Шаарды башкаруунун негизги системалык компоненттери болуп

төмөнкүлөр эсептелет: шаар калкы, шаардын территориясы, инженердик инфраструктура, муниципалдык бюджет. Ошондой эле негизги маселе катары шаарды башкаруу системасы жана шаардын калкы, бул жерде объект катары эмес, субъект катары маалыматка муктаждыгы каралуусу керек. Мындай негизде маалыматташтыруунун негизги маселелери катары төмөнкүлөр аныкталат:

1. Социалдык программаларды ишке ашырууга багытталган шаардык бюджетти туура пайдалануу үчүн калктын бардык катмарынан маалымат чогултуу.
2. Шаардык жерлерди туура пайдалануу.
3. Чыгымдарды башкаруу, сатып алуу жана сатуу боюнча бирдиктүү система иштеп чыгып бюджетти көзөмөлдөө.
4. Башкаруу органдарын маалымат менен камсыз кылып туруу.
5. Калкты маалымат жактан камсыз кылуу менен башкаруу органдары менен элдин ортосундагы ишенимди жаратуу.

Изилдөөнүн методу. Башкаруудагы маалымат технологияларынын орду. Бул макалада коюлган маселени изилдөөчүн сайттарды анализдөө каралды. Калкты маалымат менен камсыз кылууда маалымат технологияларын пайдалануу азыркы кундүн талабы. Мисал катары Ош шаарынын мериясынын сайтын карап көрөлү (1-сүрөт).



1-сүрөт Сайттын башкы бет

Бүгүнкү күндө Интернет байланышы көпчүлүк пайдалануучулар үчүн маселе жаратпайт. Ошондуктан интернетти маалымат булагы катары карасак болот. Жогорудагы каралган сайттан шаардагы болуп жаткан окуялар жөнүндө окуй алабыз. Ошондой эле башкаруу өкүлдөрү менен түз байланышууга мүмкүн болот (2-сүрөт). Биз иликтеп көргөндө сайтта колдонуучудан келген каттын жообун көрө алган жокпуз. Бул болсо калктын ишенимин азайтат.



Насиба 27.02.2017 12:40
Доброго времени суток!
Уважаемые депутаты!
Я жительница города Ош, а именно микрорайона Амур-Тимур. Дело в том, что в нашем районе вот уже 4-ые сутки нет питьевой воды. Ладно бы и питьевой, обычной воды арычной нет! Нам не то чтобы чай попить, но умыться в тягость, а про стирку могу и не писать. В 21 веке живем, а условия средневековые. По данному вопросу обращались в Ош Водоканал: там нам ответили что что-то с насосом!
Прошу вас принять какие либо меры, в связи с этим и написала вам
А то творится антисанитария
Спасибо за понимание!
Надеюсь на скорейшее решение
Ответить | Ответить с цитатой | Цитировать

2-сүрөт. Калктан келген маалымат

Шаардык мериянын сайтынан 2030-жылга чейинки стратегиялык өнүгүү планын, шаардагы территориалдык кеңештер жана коммуналдык кызматтар үчүн төлөмдөр тууралуу маалыматтарды да табууга болот (3-сүрөт).

3-сүрөт. Жалпы маалыматтар

Жыйынтыктап айтканда шаар мериясынын сайтынан маалыматтарды алууга болот, бирок аны толуктап туруу жагы каралган эмес.

Экономикадагы маалымат технологияларынын орду

Экономикабыздын өсүп-өнүгүүсү үчүн маалымат технологияларынын ролу чоң. Анткени маалыматтар базасы бүгүнкү маалыматтарды эски маалыматтар менен жеңил салыштырууга, анализ жүргүзүүгө жана туура чечим кабыл алууга жардам берет. Экономикалык маалыматтарды кароодо мамлекеттик борбордук казналыктын сайтына кайрылдык (4-сүрөт.). Анда негизги бетте жаңылыктар камтылган. Борбордук Казналык карамагындагы областтык бөлүмдөрдү башкарат. Казналыктын негизги кызматы болуп кассалык кызмат көрсөтүү, борбордук банктын акыркы счетторун башкаруу, казна боюнча кабыл алынган мыйзамдардын ишке ашуусун көзөмөлдөө эсептелет.



4-сүрөт. Казналыктын сайтынын негизги бети

Борбордук казналыктын маалыматтар базасынан бюджеттин аткарылуусу боюнча маалыматтарды көчүрүп алууга жана анализ жүргүзүүгө болот (5-сүрөт).



5-сүрөт. Бюджеттин аткарылуусу боюнча маалымат алуу

Жогоруда көрсөтүлгөн сайттан биз керектүү маалыматтарды ачык көрө алабыз. Маалымат технологияларынын жана интернеттин өнүгүүсү маалыматтарды алууга кенири жол ачканы менен маалыматты сактоодо дагы чон маселелердин жаралуусуна алып келет. Бирок бул башка маселе.

Маселенин практикалык мааниси. Бул макалада көрсөтүлгөн маселелер элдин жашоо шартын көтөрүүдө, казыналык менен элдин ортосундагы маселени көтөрүү үчүн чон жардам болот деп ишенем.

Жыйынтыктоо:

Жыйынтыктап айтканда маалымат технологияларынын өсүүсү карапайым калк менен бийликтин ортосундагы байланышты бекемдөөгө шарт түзүүдө. Башкача айтканда жогоруда каралган Интернет булактары эгерде жогорку деңгээлде иштесе, калктын бийликке ишеними артат.

Ошондой эле жогоруда каралгандай Маалымат технологияларын жаңы маалыматтар базасы менен толуктап туруу да негизги маселе болуп эсептелет.

Адабияттар:

1. **Гладких, Б.А.** Основы системного подхода и их приложение к разработке территориальной автоматизированной системы управления.[Текст] / В.М., Люханов, Ф.И. Перегудова //под общей ред. Ф.И. Перегудова. Томск: Изд-во Том. уни-та, 1976, 243 стр.
2. Ош шаарынын мериясынын сайты.[Электрондук ресурс] Адреси: oshcity.kg
3. Борбордук казналыктын сайты. [Электрондук ресурс] Адреси: kazna.gov.kg